| | | |
|---|---|---|
| | **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**<br>**С.НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**<br>**АГРАРДЫК ТЕХНИКАЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИ** | **СМС**<br>**КП. ЖЖ-3.36** |
| | **АГРАРДЫК ТЕХНИКАЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИНИН**<br>**ОКУУ ЖҮГҮРТМӨСҮНҮН ЖОБОСУ** | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| ***Чыгарылыш 1*** | ***Өзгөртүү 0*** | ***Экземпляр № 1*** | ***Барак 4 / 1*** |

**БЕКИТЕМИН**

С.Нааматов атындагы НМУнун
Агрардык техникалык-экономикалык
колледжинин Педагогикалык кеңешинде
каралды жана бекитилди
«26» VIII 2022-жыл. Протокол № 1
АТЭКтин директору ________ Жаныбек у Р

# АГРАРДЫК ТЕХНИКАЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИНИН ОКУУ ЖҮГҮРТМӨСҮНҮН ЖОБОСУ

# 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул жобо С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Агрардык техникалык-экономикалык колледжинин окуу процессиндеги окуу жүгүртмөсүнүн колдонулушунун тартибин жөнгө салат.

1.2. Бул жобо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамынындагы Кыргыз Республикасынын Орто кесиптик билим берүүдөгү Мамлекттик билим берүү стандарттарындагы Агрардык техникалык-экономикалык колледжинин уставындагы белгиленген эреже тартиптерди жетекчилигине алат.

1.3. Окуу иштеринин жүгүртмөсү колледждеги билим берүү процесси адистиктер, курстар, группалар боюнча убакыт мерчеминде жөнгө салып туруучу маанилүү документтердин бири.

1.4. Окуу иштеринин жүгүртмөсү колледждеги окуу процессин ОКББ МББСнын негизинде түзүлгөн НКББП боюнча жүргүзүүнү регламенттештирет.

1.5. Окуу иштеринин жүгүртмөсү окуу пландарындагы окуу процессинин графигинин негизинде колледждин директорунун окуу иштери боюнча орун басары тарабынан ар бир семестрге карата тузүлөт.

1.6. Окуу иштеринин жүгүртмөсү камсыз кылууга тийиш:

- жумушчу окуу планынын аткарылышын;
- билим алуучулардын окуу жүктөмүнүн теңдештирилип бөлүштүрүлүшүн;
- окутуучулук курамдын окуу жүктөмдөрүнүн рационалдуу бөлүштүрүлүшүн;
-лекциялык жана практикалык аудиторияларды, лабороториялык кабинеттерди, компьютердик класстарды, спорттук залды оптималдуу пайдалануунну.

1.7. Сабактарды өтүү мөөнөтү 80 минутаны, сабактардын ортосундагы тыныгуулар 10 минутаны түзөт.

1.8. Колледжде окуу жүгүртмөсүнүн эки түрү: негизги жана кошумча окуу жүгүртмөсү колдонулат.

1.9. Негизги окуу жүгүртмөсү окуу иштери боюнча директордун орун басары тарабынан түзүлүп, директор тарабынан бекитилет.

1.10. Кесиптик модулдардын темалары боюнча кээ бир дисциплиналардагы кошумча сабактардын өткөрүлүүсү жана анын убактысы окутуучу тарабынан аныкталып, окуу иштеринин жүгүртмөсүндө көргөзүлбөйт, бирок анын аткарылышына окуу иштери боюнча директордун орун басары түздөн-туз көзөмөл жургүзөт.

1.11. Кесиптик модулдардын темалары боюнча кээ бир дисциплиналардагы кошумча сабактардын өткөрүлүүсү кошумча сабактардын каттоо журналына түшүрүлөт.

## 2. Негизги окуу жүгүртмөсүнүн тузүлүшүнө карата талаптар.

2.1. Негизги окуу жүгүртмөсү адистиктердин жумушчу окуу планына ылайыкталып семестр учун түзүлөт.

2.2. Негизги окуу жүгүртмөсү таблица түрүндөе түзүлөт. Окуу жүгүртмөсүндө жумушчу окуу планына ылайык дисциплиналардын аталышы, аудиториялар, окутуучунун аты, фамилиясы көрсөтүлөт.

2.3. Дисциплиналар боюнча окуу иштери эки башка окутуучу тарабынан группаларга бөлүнүп жургүзүлсө окуу жүгүртмөсүндө эки башка аудиториялар көргөзүлүшү керек.

2.4. Негизги окуу жүгүртмөсүн тузүүдө эске алынышы керек:

- алты күндүк иш жумалыгындагы окуу жүктөмү 36 сааттан ашпоосу;
- иш күнүндөгү студенттер үчүн окуу жүктөмү төрт жуптан ашык болбоосу;
- студенттердин жума ичиндеги ишке жөндөмдүүлүгүнүн динамикасы, окуу материалдарын өздөштүрүүгө татаалдыгынын деңгээли жана ага ылайык дисциплиналарды өздөштүрүүгө карата ирээттүүлүгүнүн сакталышы;
- лекциялык жана практикалык аудиториялардын аудиториялардын, компьютердик класстардын, лаборотсриялардын жетиштүүлүгү;
- Негизги окуу жүгүртмөсүндө сабактардын ортолорунда боштуктар болбошу керек. Мындай көрүнүштөргө өзгөчө учурларда гана жол берилиши мүмкүн.

## 3. Негизги окуу жүгүртмөсүнүн аткарылышына болгон талаптар.

3.1. Негизги окуу жүгүртмөсү бир семестр үчүн түзүлөт жана ал аяктагыча өзгөртүүгө жатпайт.

3.2. Негизги окуу жугүртмөсүндөгү сабактар толугу менен өтүлүүгө тийиш жана анын окутуучулар тарабынан аткарылышы окуу бөлүмү тарабынан көзөмөлгө алынат.

3.3. Окутуучулар тарабынан окуу жүгүртмөсүнүн аткарылышынын шарттары бузулган учурда алардын жоопкерчилиги Кыргыз Республикасынын «Эмгек кодексинин», колледждин уставынын жана окуу жай менен окутуучулардын ортосунда түзүлгөн эмгек 1 келишимининде каралган пункттар боюнча жоопкерчилиги каралат.

## 4. Кошумча окуу жүгүртмөсүнүн түзүлушүнө карата талаптар.

4.1. Кошумча окуу жугүртмөсү - бул негизги окуу жүгүртмөсүнө карата зарыл учурларда колдонулуучу кошумча окуу жүгүртмөсү.

4.2. Кошумча окуу жугүртмөсү таблица түрүндө түзүлүп, А4 форматындагы кагазга чыгарылат. Кошумча окуу жугүртмөсүндө дисциплиналардын аталышы окуу планына ылайык көргөзүлүүгө тийиш. Сабак өтүлүүчү аудитория, окутуучунун фамилиясы, өтүлүү убактысы белгиленет.

4.3. Кесиптик модулдардын темалары боюнча сабактардын кошумча жугүртмөсү, цикл жетекчисинин кайрылуусу менен түзүлөт.

4.4. Кошумча сабак жугүртмөсү жүйөлүү себептер болуп калган учурларда (кызматтык жолдомо, окутуучу ооруп калганда ж.б.) окуу иштери боюнча директордун орун басары тарабынан өзгөртүлөт.

4.5. Кошумча окуу жугүртмөсү директордун окуу иштери боюнча орун басары тарабынан түзүлүп, бекитилет жана көзөмөлгө алынат.